**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы**
**Д 07. 20. 624 Диссертациялык Кеңешинин**
**№ 14 ПРОТОКОЛУ**

25-январь, 2022-ж.
Кеңештин бардык мүчөлөрү - 13 адам.
Катышканы - 9 адам.
Катыша албай калгандар: - 4 адам.
Төрайым - т.и.д., проф. Арзыматова А.А.
Окумуштуу катчы — т.и.д. Карыева А.К.

**Төрайым:** Урматтуу адистештирилген кеңештин мүчөлөрү! Бүгүнкү жыйынга диссертациялык кеңештин жалпы 13 мүчөсүнөн, бардык профили боюнча каралган 9 илимдин доктору катышып олтурат, алардын ичинен:
1. Арзыматова Айнура Атыгаевна (төрайым) - т.и.д., профессор. Адистиги 07.00.02.
2. Карыева Анара Карыевна (окумуштуу катчы) - т.и.д. Адистиги - 07.00.02.
3. Абытов Байболот Капарович- т.и.д., профессор. Адистиги - 07.00.02 жана 07.00.09. (ОНЛАЙН)
4. Айдаркул Каана - т.и.д., профессор. Адистиги - 07.00.02 жана 07.00.03.
5. Дадабаева Гульнара Рахимовна – д.и.н., профессор. Адистиги –07.00.02; 07.00.03. (ОНЛАЙН)
6. Жакыпбеков Жаныбек Жакыпбекович - т.и.д., профессор. Адистиги - 07.00.02 жана 07.00.09.
7. Маанаев Эгемберди Жумагулович-т.и.д., профессор. Адистиги: 07.00.02. (ОНЛАЙН)
8. Мокеев Анварбек- т.и.д., профессор. Адистиги - 07.00.02 жана 07.00.03. (ОНЛАЙН)
9. Эсенкулов Нурмамат Жокенович - т.и.д., профессор. Адистиги 07.00.02 жана 07.00.09.

**Күн тартибинде:**

1. Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин “Орусиялык археолог Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы” аттуу 07.00.02 — Ата мекендин тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу учун даярдалган диссертациясы алдын ала коргоого коюлган.

Диссертациялык иш Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Кыргызстандын тарыхы кафедрасында даярдалган.

Илимий жетекчиси: тарых илимдеринин доктору, профессор Чороев Тынчтыкбек Кадырмамбетович.
Күн тартиби боюнча кимде кандай пикир бар?

**Кеңештин мүчөлөрү:** Бекитилсин.

**Төрайым:** Каршылык жок. Күн тартиби бекитилди.

Талапкердин өздүк делосунун материалдары жана документтери менен тааныштыруу үчүн сөз, диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, тарых илимдеринин доктору Карыева Анара Карыевнага берилет.

**Окумуштуу катчы, т.и.д. Карыева А.К:** Окумуштуу катчы изденүүчүнүн аттестациялык делосу жана резюмеси менен тааныштырды.

Изденүүчүнүн бардык жеке документтери туура толтурулган жана КР УАКтын бардык талаптарына жооп берет.

**Төрайым:** Өздүк делонун материалдары боюнча окумуштуу катчыга кандай суроолор бар?

**Кеңештин мүчөлөрү:** Суроо жок.

**Төрайым:** Суроо жок болсо, сөз диссертацияны коргоого алып чыгарылган негизги жоболор менен тааныштыруу үчүн, Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичке берилет.

**Изденүүчү Алымкожоев Ө.Ж.:** Саламатсыздарбы? Менин диссертациялык ишимдин темасы: "Орусиялык археолог Ю.С. Худяковдун кыргыз таануга кошкон салымы" деп аталат.

Кыргызстан 1991-жылы мамлекеттик көз каранды эместикке жетишкен соң жана мурдагыдай бир гана партиянын идеологиялык үстөмдүгү жана расмий цензурасы биротоло жоюлгандан кийин, Кыргызстандын бардык тарыхый баскычтарын калыс, бейтарап изилдөө үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Бул мүмкүнчүлүктөрдүн арасында кыргыз тарыхына жана кыргыз таануу тармагына чоң салым кошкон окумуштуулардын өмүрүн жана ишмердигин жаңыча изилдөө үчүн жаралган шарттар да бар.

Дал ушул жаңы кырдаалда постсоветтик кыргыз тарыхнаамасында кыргыздардын этностук тарыхы, этногенези, маданияты боюнча алгылыктуу илимий изилдөөлөр аткарылып жатат. Өткөөл доордо кыргыз тарыхындагы айрым маселелер боюнча айырмалуу көз караштар, талаш-тартыштар дагы эле улантылып жаткандыгы – мыйзам ченемдүү. Кыргыздардын этностук тарыхы, этногенези, этномаданий жалпылыктары тууралуу ж.б. маселелер өзөктүү талаш-тартыш чордонун түзүп келет.

Энесайдагы кыргыздар менен Теңир-Тоодогу кыргыздардын тарыхый жалпылыгына, "кыргыз" этнониминин келип чыгышы маселелерине, Энесайдагы жана Теңир-Тоодогу жана аларга чектеш аймактардагы кыргыздардын этностук-маданий, мамлекеттик-саясий, аскердик тарыхына байланыштуу маселелерди, археологиялык, жазма жана башка булактар аркылуу изилдөөнү жалпы Ички Азия, Борбордук Азия жана Түштүк Сибирдеги курал-жарактын өнүгүү тарыхы жана көчмөндөр цивилизациясынын тарыхы менен айкалыштырып иликтеп келген чыгаан

инсан — орусиялык археолог жана тарыхчы, Орусия Федерациясынын Илимдер академиясынын Сибир бөлүмүнүн Археология жана этнография институтунун жетектөөчү илимий адиси, Новосибирск мамлекеттик университетинин Гуманитардык факультетинин Археология жана этнография кафедрасынын профессору, тарых илимдеринин доктору, профессор Юлий Сергеевич Худяков (08.12.1947 – 24.12.2021) болуп саналат.

Жогоруда айтылган байыркы жана орто кылымдардагы кыргыз тарыхынын комплекстүү маселелеринин көпчүлүгү профессор Ю.С.Худяковдун археологиялык, кыргыз таануу, түркология, этнология, курал-жарак таануу, маданият таануу жана башка тармактарды камтыган илимий эмгектеринде ырааттуу чагылдырылган.

Энесай кыргыздарынын этностук тарыхын комплекстүү иликтөөдө профессор Ю.С.Худяков археологиялык, жазма, этнографиялык, географиялык, тилдик маалыматтар менен бирге кыргыздардын фольклордук материалдарын дагы байма-бай колдонгон.

Илимпоз Ю.С. Худяковдун эмгектерин ар тараптуу талдоо менен бирге кыргыздардын байыркы жана орто кылымдардагы этносаясий тарыхын, аскердик тарыхын, социалдык абалын, башка элдер менен болгон дипломатиялык алакаларын, маданий-чарбалык түзүлүшүн жана башка маселелерди тактоо - заманбап кыргыз тарыхнаамасы үчүн ургаалдуу зарылчылык болуп саналат.

Диссертациялык иштин негизги максаты — профессор Ю.С.Худяковдун өмүр жолунун урунттуу учурларын жана чыгармачыл ишмердүүлүгүн изилдеп, анын заманбап кыргыз таанууга кошкон салымын талдап көрсөтүү.

Жогоруда коюлган максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлат:

- Ю.С.Худяковдун кыргыз таануу илими боюнча ишмердүүлүгүнүн тарых наамасын иликтөө;
- Ю.С.Худяковдун өмүр жолун жана илимий ишмердүүлүгүн изилдөө методдорун аныктап алуу;
- профессор Ю.С.Худяковдун өмүр жолунун баскычтарын жана чыгармачыл ишмердигин ар кыл өңүттө чагылдырган булактарды изилдөө;
- Ю.С.Худяковдун кыргыз таануу илимине кошкон ар тараптуу салымдарын илимий тактоо;
- Ю.С.Худяковдун өмүрүнө жана анын чыгармачыл ишмердүүлүгүнө байланыштуу маалыматтарды илимий изилдөөнүн объектиси жана предмети катары жалпылап чагылдыруу;
- Окумуштуу Ю.С.Худяковдун илимий-педагогикалык жана чыгармачылык өмүрүнүн баскычтарын тактоо;
- профессор Ю.С.Худяковдун Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын байыркы жана орто кылымдардагы этностук тарыхы жаатындагы эмгектерин

иликтеп, анын кыргыз тарыхынын талаш маселелерине көз караштарын иликтөө;

- профессор Ю.С.Худяковдун Энесайдагы жана Теңир-Тоодогу кыргыздардын этностук-маданий жалпылыгы жөнүндөгү көз карашын иликтөө;

- профессор Ю.С.Худяковдун кыргыздардын жана "кыргыз" этнониминин келип чыгышын жана чечмеленишин талдоого арналган эмгектерине сереп жасоо;

- профессор Ю.С.Худяковдун кыргыздардын жана аларга коңшу элдердин байыркы жана орто кылымдардагы аскер иши жана курал жарактары жаатындагы изилдөөлөрүнө сереп жасоо.

Коргоого сунушталуучу жоболор:

1. Профессор Ю.С.Худяковдун мыкты окумуштуу – кыргыз таануучу болуп калыптанышына илимий мектептен сырткары ата-тегинин, үй-бүлөсүнүн таасири тийген.
2. Байыркы жана орто кылымдарда ар кыл чөлкөмдөрдө байырлаган кыргыздардын тарыхы боюнча айтылган Ю.С.Худяковдун илимий көз караштары жана тыянактары илимий негиздүү;
3. Ю.С.Худяков "Кыргыз" этноними жаатындагы өз бүтүмдөрү жана орто кылымдардагы Энесай тарыхы үчүн "хакас" этнониминин профессор Л.Р.Кызласов тарабынан "байыркы этноним" катары бир беткей көз караш ты таңууланышын ырааттуу сынга алуусу аркылуу "кыргыз" этноними жаатындагы орус тилдүү илимий чөйрөдөгү талкууда объективдүү турумду калыптандырууга зор салым кошкон;
4. Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук-маданий, тектик жалпылыгын профессор Ю.С.Худяков ишенимдүү тарыхый-географиялык, археологиялык, лингвистикалык булактардын негизинде талдап айгинелөөгө аракеттенген.
5. Кыргыздардын жана башка көчмөн уруулардын аскер өнөрүн, курал-жарактарын изилдөөдөгү профессор Ю.С.Худяковдун саамалыктары Евразия тарыхын заманбап изилдөөдөгү, асыресе, Евразиядагы көчмөндөр цивилизациясынын өнүгүүсүндөгү урунттуу жагдайларды иликтөөдөгү ар тараптуу мамиле болуп саналат.
6. Профессор Ю.С.Худяков Кыргыз каганаты доорундагы кыргыздардын аскер иши, аскердик өнөрү, курал-жарактарынын өнүгүшү, журт которуулары боюнча археологиялык жана этнологиялык маалыматтарга негизделген илимий жоболорду калыптандырып, илимий мектепти (анын ичинде анын Кыргызстандагы бөлүмүн) түзүп, анын өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн.

Көңүл бурганыңыздарга чоң рахмат!

**Төрайым:** Талапкерге кандай суроолор бар? Суроо берсеңиздер.

Суроо берүү үчүн, сөз профессор, Жаныбек Жакыпбековичке берилет.

**Жакыпбеков Ж.:** Мен сиздин авторефератыңыз менен таанышып чыктым. Сиз Ю.С. Худяковдун кыйыр жана тикелей шакирттери деп жазып жатасыз. Биринчиден Ю.С. Худяковдун Кыргызстандагы илимий мектебин эч ким танбайт. Сиз Кыргызстандагы тикелей шакирттери жана кыйыр шакирттери дегенди илимий жагынан кандай кылып тактап айтып бересиз. Эмне үчүн Т.К. Чороев (Чоротегин), М.Ч. Кожобековдор кыйыр шакирттери болуп эсептелет дагы, К.Ш. Табалдиев, О.А. Солтобаев тикелей шакирттери болот? Ю.С. Худяковдун ачкан салымдар эмнеси менен аныкталат? Анын кыргыздардын Энесай доорун "Кыргыз тарыхынын жылдыздуу мезгили" дегенин билебиз. Башкалардан бөлүп турган айырмасы эмнеде? Ушуну айтып бериңиз.

**Төрайым:** Менде мындай суроо бар, Өмүрбек Жумадилович, илимий иштин объектисин жана предметин жана коргоого сунушталган негизги жоболорду тактап кетсеңиз.

**Төрайым:** Дагы кимде суроо бар? Суроо берүү үчүн, сөз профессор, Айдаркул Каанага берилет.

**Төрайым:** Чет мамлекеттик адистерден кимдердин эмгектерин колдондуңар?

**Төрайым:** Дагы кимде суроо бар? Анда дагы суроо жок болсо, анда жооп бере берсеңиз болот.

**Изденүүчү Алымкожоев Ө.Ж.:** Бардыгыңыздарга терең мазмундуу суроолоруңуздар үчүн ыраазычылык билдирем.

Профессор Жаныбек Жакыпбековичтин, суроосуна Ю.С. Худяковдун кыйыр жана тикелей шакирттери деп жазганыңдын себебин түшүндүрүп бер деген биринчи суроосуна мындай деп жооп бермекчимин. Ю.С. Худяков негизинен археология, курал-жарак жаатын изилдөөдө чоң мектеп түзө алган. Кыргызстанда дагы Ю.С.Худяковдун окуучулары бар. Алар Ороз Асекович Солтобаев жана Кубатбек Шакиевич Табалдиев жана азыркы учурда дагы жаш окуучулары бар. Ушул окуучулары түз шакирттери болуп эсептелет. Себеби, алар менен менен чогуу иштеп, археологиялык экспедицияларды чогуу уюштурушкан. Жана ошондой эле бул шакирттерине Ю.С. Худяков илимий жетекчилик дагы кылган. Ал эми кыйыр шакирттери деп, Ю.С.Худяков менен замандаш катары чогуу жүрүп, көз караштары бири-бирине төп келген, пикирлеш окумуштууларды бердик.

Профессор Жаныбек Жакыпбековичтин, Ю.С. Худяковдун ачкан салымдар эмнеси менен аныкталат деген экинчи суроосуна, жооп берейин. Негизинен Ю.С. Худяков археолог болгондуктан, археологиялык табылгалардын негизинде кыргыз таануу жаатындагы маселелерге өзүнүн көз караштарын пикирлерин билдиргендиги анын өзгөчөлүгү. Анын өзгөчө салымы археологиялык табылгаларды фольклордук, лингвистикалык, араб-перс булактарына айкалыштырып изилдегенге аракет кылганында.

Профессор Айнура Атыгаевнанын изилдөөнүн объектисин, предметин жана коргоого сунушталган негизги жоболорду тактап бер деген суроосуна жооп

берейин. Изилдөөнүн объекти: Орусиялык чыгаан окумуштуу, археолог жана кыргыз таануучу, профессор Юлий Сергеевич Худяковдун өмүр жолу жана илимпоздук ишмердиги. Изилдөөнүн предмет: профессор Ю.С.Худяковдун археолог, курал-жарак таануучу, этнолог жана башка өңүттөрдөгү көп тарамдуу ишмердигин кыргыз таануу жаатында изилдөө.

Коргоого сунушталуучу жоболор:

1. Профессор Ю.С.Худяковдун мыкты окумуштуу – кыргыз таануучу болуп калыптанышына илимий мектептен сырткары ата-тегинин, үй-бүлөсүнүн таасири тийген.
2. Байыркы жана орто кылымдарда ар кыл чөлкөмдөрдө байырлаган кыргыздардын тарыхы боюнча айтылган Ю.С.Худяковдун илимий көз караштары жана тыянактары илимий негиздүү;
3. Ю.С.Худяков “Кыргыз” этноними жаатындагы өз бүтүмдөрү жана орто кылымдардагы Энесай тарыхы үчүн “хакас” этнониминин профессор Л.Р.Кызласов тарабынан “байыркы этноним” катары бир беткей көз караштыtаңууланышын ыраатту сынга алуусу аркылуу “кыргыз” этноними жаатындагы орус тилдүү илимий чөйрөдөгү талкууда объективдүү турумду калыптандырууга зор салым кошкон;
4. Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук-маданий, тектик жалпылыгын профессор Ю.С.Худяков ишенимдүү тарыхый-географиялык, археологиялык, лингвистикалык булактардын негизинде талдап айгинелөөгө аракеттенген.
5. Кыргыздардын жана башка көчмөн уруулардын аскер өнөрүн, курал-жарактарын изилдөөдөгү профессор Ю.С.Худяковдун саамалыктары Евразия тарыхын заманбап изилдөөдөгү, асыресе, Евразиядагы көчмөндөр цивилизациясынын өнүгүүсүндөгү урунттуу жагдайларды иликтөөдөгү ар тараптуу мамиле болуп саналат.
6. Профессор Ю.С.Худяков Кыргыз каганаты доорундагы кыргыздардын аскер иши, аскердик өнөрү, курал-жарактарынын өнүгүшү, журт которуулары боюнча археологиялык жана этнологиялык маалыматтарга негизделген илимий жоболорду калыптандырып, илимий мектепти (анын ичинде анын Кыргызстандагы бөлүмүн) түзүп, анын өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн.

Профессор Каана Айдаркулдун чет мамлекеттик адистерден кимдердин эмгектерин колдондуңар деген суроосуна жооп берейин. Диссертациялык иште негизинен россиялык окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таяндык. Андан сырткары башка чет тилдердеги адабияттар колдонулду. Россиялык окумуштуулар Л.А.Бобров, А.Ю.Борисенко, жана С.Г.Скобелев, О.А.Митько ж.б. окумуштуулардын эмгектери пайдаланылды.

**Төрайым:** Өмүрбек Жумадилович, изилдөөнүн объектисин кайталап айтсаңыз.

**Изденүүчү Алымкожоев Ө.Ж.:** Изилдөөнүн объекти: Орусиялык чыгаан окумуштуу, археолог жана кыргыз таануучу, профессор Юлий Сергеевич Худяковдун өмүр жолу жана илимпоздук ишмердиги.

**Төрайым:** Тактоо ирээтинде айтып коёлук, эксперттердин талкуусунда такталгандай, изилдөөнүн объектиси Ю.С. Худяковдун өзү эмес, анын эмгектери деп берсек туура болот го.

Анда, Өмүрбек Жумадилович, суроолорго жооп берип бүтсөңүз отуруңуз.

**Төрайым:** Кийинки сөз эксперт, тарых илимдеринин доктору, профессор Каана Айдаркулга берилет.

**Айдаркул К.:** Бул диссертациялык ишти бир нече жолу талкуулаганбыз.

Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин «Орусиялык археолог Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы» деген темадагы 07.00.02. – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д. 07.20.624 диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет. Изилденип жаткан маселе 07.00.02. – Ата мекен тарыхы адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

Изилдөөнүн актуалдуулугу жалпы кыргыз таануу илимине салым кошкон илимпоздун эмгектерин ар тараптуу талдоо менен бирге кыргыздардын байыркы жана орто кылымдардагы этносаясий тарыхын, аскердик тарыхын, социалдык абалын, башка элдер менен болгон дипломатиялык алакаларын, маданий-чарбалык түзүлүшүн жана башка маселелерди жаңыча тактоо актуалдуу зарылчылык болуп саналат. Ошондуктан, диссертант тандаган теманы *актуалдуу* деп белгилөөгө болот.

Диссертациянын материалдары Кыргызстандын жана жалпы эле Борбордук жана Ички Азия, Теңир-Тоо, Энесай чөлкөмдөрүнүн орток жана айырмалуу тарыхтары боюнча жалпылама эмгектерди жазууда, заманбап окуу китептерин даярдоодо көмөкчү болот. Андан тышкары, диссертациянын маалыматтары Кыргызстандын орто кылымдардагы тарыхынын тарыхнаамасы курстарын түзүүдө жана бул жаатта заманбап мультимедиалык колдонмолорду жаратууда баалуу материал катары колдонулушу мүмкүн.

Автореферат диссертациянын мазмунуна дал келет. Автореферат тезистин мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине шайкеш келет.

Эскертүү катары төмөндөгүлөрдү айтса болот:

1) Тарыхнаамалык талдоого текстте колдонулган авторлорду толук киргизүү керек;

2) Диссертацияда стилистикалык жана грамматикалык мүчүлүштүктөрдү четтетүү зарыл.

Сунуш катары диссертантка тарыхнаама боюнча материалдар жакшы берилген, бирок чет элдик окумуштуулардын эмгектерине баа берүүнү күчөтүү керек. Диссертациялык иште жыйынтыгында чыгарылгын бүтүмдөрдү кайрадан карап чыгуу керек, 3-баптын 3.3. бөлүгүнүн жыйынтыктары боюнча тыянак чыкпай калган.

Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин «Орусиялык археолог Ю.С. Худяковдун кыргыз таануугa кошкон салымы» 07.00.02. – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертация коюлган талаптарга жооп берет жана диссертацияны коргоого сунушталат.

Жетектөөчү уюм катары Ош мамлекеттик университетинин Чыгыш таануу жана тарых факультетинин Кыргызстан тарыхы, археология жана этнография кафедрасы сунушталат.

Биринчи официалдуу оппонент катары И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин профессору, тарых илимдеринин доктору Айдаркул Каананы; Экинчи официалдуу оппонент катары Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Гуманитардык факультетинин тарых бөлүмүнүн профессору, тарых илимдеринин кандидаты Кожобеков Муратбек Чалакеевичти сунуштайм.

**Төрайым:** Анда кийинки сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү, тарых илимдеринин доктору, профессор Эсенкулов Нурмамат Жокеновичке берилет.

**Эсенкулов Н.Ж.:** Эми Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин диссертациясын эксперттик комиссияда дагы кайра-кайра карадык. Эксперттик комиссиянын айтылган сунуштары, эскертүүлөрүнүн бардыгы изденүүчү тарабынан кабыл алынып, негизинен оңдоп чыкты. Айта кетчү нерсе, диссертация корголгонго чейин, Ю.С. Худяков туруп турса жакшы болмок, тилекке каршы ал киши өтүп кетти. Арты кайрылуу болсун. Бирок кыргыз эли ал кишинин кыргыз элинин, кыргыз таануугa кошкон салымын эске алып, ал кишинин эмгегин кандидаттык диссертацияны коргоп жатканы кыргыз элинин Ю.С. Худяковго болгон сый урматы деп эсептейм. Ал эми орус окумуштуулары В.В. Бартольд, Н.Я. Бичурин, А.Н. Бернштамдан баштап, кыргыз элинин тарыхынын пайдубалын түптөгөн кишилер деп айтам. Себеби дегенде араб-перс, кытай тилиндеги жана башка булактарды илимий айлампага киргизип, биздин тарыхыбызды жазууга чоң салым кошту. Ошол эле мезгилде, орус окумуштуулары 1950-жылдардагы археологиялык-этнографиялык экспедиция уюштурушту. Андан кийинки кыргыздардын Ленинграддагы Чыгыш таануу институту В.А. Ромодин жетекчилиги астындагы топ дагы, көп жазма булактарды которуп илимий айлампага киргизип, казактардан мурдараак бизде Кыргызстандын тарыхы жазылган. Ушул жагынан алганда Юлий Сергеевич Худяков салтты улантып, кыргыздар үчүн чоң эмгек кылып берди. Экинчиден айтайын, эгемендиктин 30 жылдыгына карата, кыргыздардын тарыхын изилдөөдө “исторический

голод” деп коет- ошондойдо жазма тарыхый булактарды археологиялык булактардан табылган археологиялык табылгаларды сүйлөтүп, ошо менен тактыкка келтирип, ушундай чоң иштерди жазап жакшынакай чоң эмгек кылып берди. Экинчиден, кыргыздарда аскер ишинин уюштурулушу, курал жарактардын болушу, Бартольд жазып кеткен, Худяков өзү жазган кыргыздардын улуу державасы кантип пайда болгондугун, кандай гана согуш болбосун, кандай гана чыр-чатак болбосун, аскер жаатында технологияда материалдык жагынан чечилмейинче согушта жеңүү мүмкүн эмес. Ошондуктан кыргыздардын согуш жаатындагы артыкчылыгын, кыргыздардын ушу курал-жарак жасоодогу чеберчилигин көрсөтүп чын эле ушул улуу держава болгонго алып келген деген бүтүмгө келгендиги Юлий Сергеевич Худяковдун кыргыз тарыхына кошкон чоң салымы. Дагы айта кетчү нерсе Өмүрбек Жумадиловичтин темасына тиешеси жок, бирок айта кетейин: Ата мекендин тарыхы 07.00.02 шифр эмес, 07.00.09 шифри менен кеткенде туура болмок, себеби Кыргызстанда дагы деле актуалдуу маселе тарыхый булактардын маселеси, ал эми Ю.С. Худяковдун жазгандары булак таанучуу жагынан кеткенде максатка ылайык болмок. Ал эми бир топ кыйын иш, келечекте ошого барышыбыз керек. Ю.С. Худяковдун жазгандары, курал жарактардын аталыштары, жасалыш өзгөчөлүктөрү “Манас” менен дал келип жатат. “Манас” эпосундагы маалыматтар менен дал келет, бул келечекте тарыхый булак катары кызмат кыла турган нерсе. Эми канткен күндө да жыйынтыктап айткым келет, кандидаттык диссертация коюлган талаптарга жооп берет. Өз алдынча эмгек болгон, көп жакшы жумуш жасалган. Белгилей кетчү нерсе, өзүнүн темасы боюнча 22 макала жазган, бул иштин кандайдыр бир деңгээлде ийине жеткириле иштелгендигинен кабар берип турат. Ал эми жетектөөчү уюм катары мен сунуш кылат элем, жанагы Улуттук аттестациялык комиссиянын так жобосуна ылайык, жетектөөчү мекеме болгон жерде илимдин доктору болсун деген подпункт бар,ошол жерде ОшМУнун тарых илимдеринин доктору жок, ошонун ичинен сунуш кылам Насирдин Исанов атындагы КМКТАУну жетектөөчү мекеме кылсак талапка ылайык болот. Экинчи, биринчи опонент катары эксперттик комиссиянын мүчөсү, тарых илимдеринин доктору, профессор Каана Айдаркулду сунуш кылам, экинчи опонент катары Сибирь, Енесай кыргыздары боюнча эмгектенип жүргөн тарых илимдеринин кандидаты, доцент Кожобеков Мурат Чалакеевичти сунуштайм. Ал эми ишти коргоого сунуш кылам.

**Төрайым:** Кийинки сөз эксперт, тарых илимдеринин кандидаты Кожобеков Муратбек Чалакеевичке берилет.

**Кожобеков М.Ч.** Биз буга чейин Алымкожоев Өмүрбектин диссертациялык ишин эки жолу талкууладык. Белгилей кетчү нерсе Алымкожоев Өмүрбек Жумадилович сынды туура кабыл алып, кемчиликтерди оңдоп –түздөп илимий изилдөөсүндө мүчүлүштүктөрдү аракет кылып жойгонго далалат жасады. Бул жаш илимпоз үчүн жакшы бир

көрүнүштөрдүн бири. Экинчиси илимий иштин жазылышында теманын актуалдуулугу, Юлий Сергеевич Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы, азыркы убакта эки миңден ашык илимий эмгектери бар. Ошолордун айрымдары бүгүнкү күндө ликвидациялык таңсык деңгээлге жетип калды. Аларды көбү билбейт, бул жагынан алганда Өмүрбек Жумадилович мындан аркы изилдөөлөрүндө дагы, алардын баалуулугун, кыргызстанга кошкон салымдарын тактайт деп ишенебиз. Үчүнчү жагынан теманын бул объект предмети боюнча буга чейин да сөз кылганда, биринчи кезекте илимий изилдөөлөрүн алдынкы планга коюш керек, Юлий Сергеевич Худяковдын өмүр баяны, кайсы жерден чыкканы ал мыдай жардамчы, кошумча ирээтинде кетиш керек. Мунун баарын кабыл алып, илимий иштин талкууланышында мунун баарын жойгонго аракет кылдык. Андан кийинкиси, кайсы бир тарыхый инсанга арналган илимий ишти жазганда, мындай бир субъективдүү бир көз караштар келет, аны бир жакшы көрүп кеткен деңгээлге жетип калат. Бул жерде объективдүүлүк деген нерселер бузулуп кетет, ошондуктан тең салмактуулукту кармаганга аракет кылыптыр. Мында объективдүү жагы биринчи кезекте Ю.С.Худяковду калыс деңгээлде, ошо кандай изилдөөчү болгонун, кайсы тармактарга кошкон салымы бар дегенди, калыс баалаганга далалат жасаган. Бул жагынан алганда коюлган талаптарга толугу менен жооп берет, максат, милдеттери ачык так белгиленген, практикалык жактан алганда да кийин колдонулуш максаттары белгилениптир. Биз Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин ишин коргоого сунуш кылабыз.

**Эсенкулов Н.Ж.**: Мага дагы кичине убакыт берсеңиздер.

**Төрайым:** Кошумча сүйлөйт, тарых илимдеринин доктору, профессор Эсенкулов Нурмамат Жокенович.

**Эсенкулов Н.Ж.**: Бир айдан кийин мына ишинди коргоого чыгасын, эки нерсени эске алуу керек. Биринчиден, Ю.С.Худяковдун кыргыздардардын келип чыгышына көп басым жасаганды кой, себеби археологияда кыргыздардын келип чыгышы көп, талаш маселени жаратат. Экинчиси, кечке жаңылык дей берсең, эскиси кандай деп суроо жаралат. Ошондуктан сага жаш тарых изилдөөчү катары айтып коёюн, мындай деп эле айтыш керек бул 70-жылдардан кийин археологияда КПССтин тарыхында идеология азыраак болгон, ошондуктан жаңысы деп эле басым кыла берсен жаңыласын.

**Төрайым:** Анда эксперттердин баардыгы сүйлөдү, анда талкууга өтөлү, кимде пикир бар? Онлайн катышкандар талкууга катышсаңыздар болот. Сөз профессор Абытов Байболот Капаровичке берилет.

**Абытов Б.К.:** Тема абдан жакшы, талашсыз, эксперттер эмне десе мен да ошого кошулам.

**Төрайым:** Сөз профессор Эсенкулов Нурмамат Жокеновичке берилет.

**Эсенкулов Н.Ж.:** Биздин кыргыз тарыхында дагы бир маселе булак таануучулук жыйынтык этнология, археологияда жетпей жаткан материалдарды толукташ керек. Бирок өкүнүчтүүсү Кыргызстан

эгемендүүлүктү алган жылдардан кийин деле археологиялык казуу жолдору жакшы жолго коюлбай жатат. Тарых жылы болгондо жылы дагы конференциялардан башка, казуу иштери жакшы жүргүзүлбөгөндүгү да чоң маселе. Дагы айта кетчү нерсе орус окумуштуусу Ю.С.Худяковдун изилдөөлөрү Енисейдеги казуулары биз үчүн табылга болду. Ошондуктан орус окумуштууларына өзүңдүн эмгегинди арнап жаткандыгын жакшы иш.

**Төрайым:** Сөз профессор Жакыпбеков Жаныбек Жакыпбековичке берилет.

**Жакыпбеков Ж.Ж.:** Энесай кыргыздарынын тарыхы, аны изилдеген окумуштуулар жөнүндө маселе, чын эле кыргыз тарых наамасында кыргыздар өз алдынча көз карандысыз мамлекетке ээ болгондон кийин туура жолго коюлуп, андан ары күчөтүлүп изилденди. Ал эми Советтик тарых наамада А.Абдыкалыков, А.Арзыматов агайлардын энесай кыргыздары жөнүндө жазган эмгектерин билебиз. Ошо эмгектер советтик доордогу идеологияга ошо доордогу негизги тарых концепциясына карата жазылган. Ал эми отуз жылдык эгемендик мезгилинде Ю.С.Худяков сыяктуу окумуштуулар чыныгы илимий методдорду колдонуп, чыныгы илимий түрдө бийик максаттарды коюп туруп, профессор Н.Ж.Эсенкулов туура белгилегендей, биринчиден археологиялык жактан, экинчиден кытай таануучулар, азыркы мезгилдеги кытайдагы окумуштуулар биздин мекендештер жана башкалар ушу “хакас” жана “хякас” менен “кыргыз” деген терминдерди изилдеп, кытайдагы кыргыз таануучулар, чет өлкөдөгү кыргыз таануучуларынын дагы көңүл борборунда турган маселени, Ю.С.Худяков өзүнүн мектебиндеги шакирттери менен ушу маселени аягына чейин чыгарып, кыргыздын В.В.Бартольд белгилеген “Улуу дөөлөт” мезгилиндеги кыргыздардын тарыхын, бул “кыргыз элинин жылдыздуу сааты” катары белгилениш керек деген туура жыйынтыктарга келүүгө алып келди. Азыркы кыргыз таануучуларынын, анын ичинен Ю.С.Худяковдун жана анын шакирттери В.Я.Бутанаевдин, О.К.Каратаевдин жана башкалардын эмгектеринде ушу маселе толугу менен кыргыз историографиясынын бүгүнкү күндөгү эң бийик деңгээлиндеги изилдөө болуп эсептелет. ошондуктан Ө.Ж.Алымкожоевдин бул диссертациясы жактоого толук укуктуу, биз колдойбуз жана бул диссертацияны жактоого тийиш деп эсептейбиз.

**Төрайым:** Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин «Орусиялык археолог Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы» деген темадагы 07.00.02 Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясын жактоого сунуш берүүнү добушка коём:
“Макул” – 9;
“Калыс” - жок;
“Каршы” - жок.

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 07. 20. 624 Диссертациялык Кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин «Орусиялык археолог Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы» деген темадагы 07.00.02 Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изилденип алуу учун жазылган диссертациялык иши боюнча эксперттик комиссиянын корутундусу бекитилсин.
2. Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин «Орусиялык археолог Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы» деген темадагы 07.00.02 Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациялык иши коргоого кабыл алынсын.
3. Бекитилсин:

Жетектөөчү мекеме Ош мамлекеттик университетинин Чыгыш таануу жана тарых факультетинин Кыргызстан тарыхы, археология жана этнография кафедрасы.

Расмий оппоненттери:

1. И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Кыргызстандын тарыхы жана этнология кафедрасынын профессору, тарых илимдеринин доктору - Айдаркул Каана;
2. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Гуманитардык факультетинин тарых бөлүмүнүн профессорунун м.а., тарых илимдеринин кандидаты - Кожобеков Муратбек Чалакеевич.

Д 07.20.624 диссертациялык кеңешинин
төрайымы, т.и.д., профессор А.А.Арзыматова

Д 07.20.624 диссертациялык кеңешинин
катчысы, т.и.д., профессор А. Карыева